*Узун Бирол,*
*БГУ*

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ КЕСИПТИК ЛЕКСИКАНЫ ИЗИЛДӨӨ МАСЕЛЕЛЕРИ

Кыргыз эли өзүнүн далай кылымды карыткан тарыхында жашоо ыңгайына ылайык ар кыл кесипчиликте эмгектенип келгендиги маалым. Буга байланыштуу кыргыз тили элдик нукура сөздөргө да бай. Булардын ичинен мал чарбачылыгына байланыштуу сөздөр өздөрүнүн байыркылыгы менен өзгөчө орунда турат.

Элибиздин турмуш-тиричилигинин бөтөнчөлүгүн ачып берүү, кыргыз тилинин тарыхын тактоо, бул аркылуу жалпы эле тилдин өнүгүү мыйзам ченемин аныктоо өңдүү орчундуу маселелерди терең жана ар тараптуу чечүү азыркы мезгилдин талабы.

Кесиптик лексиканы жыйнап иликгөө жана изилдөө иштери Россияда XVIII кылымда башталган. Маселен, В. Бурнашевдин эки томдук терминалогиялык сөздүгү, В.И. Далдын төрт томдук түшүндүрмө сөздүктөрү басылып чыккан.

Ал эми топтолгон материалдарга линвистикалык жакган иликтөө жүргүзүү өткөн кылымдын элүүнчү жана алтымышынчы жылдарынатаандык (Толыкина, 1954; Литвинов, 1955; Косолский, 1951; Трубачев, 1963;). Андагы козголгон маселелер келечекте жалпы тил илиминин теориялык жана практикалык жактан өнүгүшүнө чоң таасир тийгизген.

Түрк тилдеринде кесиптик лексиканы изилдөөдө биринчилерден болуп өзбек тилчиси С. Ибрагимовдун илимий эмгектерин белгилей кетсек болот (Ибрагимов, 1949; 1950; 1959; 1961;). Анын соңунан айрым түрк тилдериндеги кесиптик лексикага байланыштуу бир нече илимий эмгектер жарык көрдү (Мама-

тов, 1955; Дадаханова, 1963; Баратов, 1971; Оторов, 1974; Рахимова, 1983; ж.б.). Кыргыз тил илиминде да кесиптик лексикага байланыштуу кыйла эмгектер жазылып, диссертациялык иштер корголгон (Дүйшөналиева,1969; Назаралиев, 1971; Биялиев, 1972; Юсупова, 1975; Абдувалиев, 1982; Усмамбетов, 2000). Атайын эмгектердеги жыйналган факт- материалдар жана лингвистикалык иликтөөлөр кыргыз тил илиминин теориялык жана практикалык жактан өнүгүшүнө чоң өбөлгө түздү. Бирок ошентсе да кеп болуп жаткан маселе боюнча терендетип иликтөөнү, тактоону талап кылган проблемалар да жок эмес.

Арийне, кесиптик лексиканы өзүнө таандык бөтөнчөлүгү бар, тактап айтканда, ал – "тилдин жалпы сөздүк корундагы ар кандай кесипчиликке байланыштуу жана күнүмдүк турмушта анча кеңири колдонулбай турган сөздөр" (Сороколетов, 1957,122;).

Тил илиминде кесиптик лексиканын колдонуш чөйрөсүнө карай эки топко бөлүп карашат: 1) элге кеңири түшүнүктүү эмес, кесиби боюнча байланышкан адамдардын кебинде гана кеңири колдонулган жана ошол кесипте иштеген адамдар үчүн гана түшүнүктүү болгон сөздөр; 2) колдонуш чөйрөсү кеңейип, белгилүү кесиптеги тар чөйрөдө гана эмес, кеңири колдонулуп, жалпы элдик сөзгө айланып кеткен сөздөр. Бирок жогорудагы биринчи топко кирген сөздөрдүн бардыгы эле жалпы элдик тилге мүнөздүү эмес деп айтууга болбойт. Бул, же тигил өндүрүштүк тармак боюнча заттардын аттары, көрүнүштөр, процесстер чагылдырылган кесиптик сөздөр башка адамдар үчүн жалпы жонунан түшүнүктүү болгону менен, ошол кесиптеги адамдарга гана таандык. Башка кесиптеги адамдар ал сөздөрдүн көбүн түшүнүшөт жана өздөрүнүн кебинде өтө сейрек колдонушат.

Кесиптик лексиканын көпчүлүгү адабий тилде аз колдонулуп, айрым диалектиде (говордо) гана орун алгандыгы, жалпы эле кесипчиликтин өнүгүшүндө бардык эле аймактарда бир кылка эместиги жана аларды белгилөөчү сөздөр боюнча да айрымачылыктардын болушу изилдөөнүн кыйла терең жүргүзүлүшүнө өбөлгө түзөт. Маселен, тигил, же бул диалектиде кездешкен нерсени туюндуруучу сөздөр экинчи бир диалектиде кездешпейт, же болбосо, тескерисинче. Мындай аталыштар белгилүү бир тармакка таандык кесиптик лексиканын байышына шарт түзөт. Андай сөздөрдүн кайсынысы келечекте адабий тилдин нормасы катары кабыл алынышы белгисиз болгондуктан улам, аларга чек коюуга мүмкүн эмес. Ошондой эле кесиптик кээ бир атоолор өзүнүн чөйрөсүндө активдүү колдонушу менен жалпы элдик сөзгө айланып, адабий тилдин лексикасына синонимдик катышты түзүүгө да жөндөмдүү болушу ыктымал.

Кесиптик сөздөрдүн да диалектилик (говордук) сөздөр сыяктуу колдонуш чөйрөсү чектелүү. Бирок кесиптик сөздөр диалектик сөздөрдөн олуттуу түрдө айырмаланат: 1) кесиптик лексиканынколдонуш чөйрөсү ареалдык жактан чектелиш эмес, социалдык жактан чектелиши менен айырмаланат; 2) кесиптик лексика диалектик сөздөргө караганда адабий тилдин нормасына өтүү мүмкүнчүлүгү алда канча кеңири.

Жалпы элдик сөздөр менен кесиптик чөйрөдө колдонулган сөздөрдүн арасында өзгөрүүлөр болуп турат. Диалектилик, кесиптик жагындагы арго (чектелүү чөйрөдөгү) сөздөр болгон сөз бирдиктери азыркы жалпы элдик сөзгө да кирет. Кээ бир жалпы элдик сөздөр жаңы маанини алып, тар чөйрөдө колдонулган сөзгө да айланып кетет (Рахимова,1983,9;).

Кесиптик лексика белгилүү кесипке мүнөздүүлүгү боюнча илимий терминдерге жакын болот. Бирок алардын ортосунда да айрым өзгөчөлүктөр бар: кесиптик сөздөр терминдерге коюлуучу кээ бир (бир маанилүүлүк, системалуулук стилдик жактан нейтралдуулук) талаптарга жооп бербейт. Алардын терминдик касиетке ээ болуусу үчүн, адабий тилде алган ордун, же болбосо ошол кесиптин чөйрөсүндө активдүү колдонулушуна карай шарттальшы керек. Кесиптик лексиканын терминология жаатында да өз орду бар.Ушул өнүттө карап көрөлү. Жалпы терминалогия маселеси өзүнүн ичине элдик (кадыресе) жана илимий (теориялык) терминдерди камтыйт. Элдик терминдерге кесипчилик чөйрөсүндө, оозеки сүйлөө кебинде нерселердин атын атоо, белгилүү түшүнүктү туюнтуу үчүн кызмат кылган терминдер кирет. Илимий терминге теориялык ой жүгүртүүнүн зарылчылыгынан пайда болгон адистер тарабынан жасалма (искусственный) жол менен түзүлгөн терминдерди кошууга болот. Бул жерден белгилей кетчүү нерсе, тилибизде колдонулган сөзбү, же терминби экөө тең эле жаратылыштагы кубулуштардын, предметтердин адамдын аң-сезиминде чагылдырылып, аны белгилүү тыбыштык түзүлүш менен атайт да, пикир алышуунун каражаттарына айланат. Бир нерсени атоо, туюнтуу функциясы сөзгө да, түшүнүктү атаган терминге да тиешелүү болуп, термин менен сөздүн аты (аталышы) акырындык менен ишке ашып, ал аркылуу ага туура келген түшүнүкгү пайда кылуу үчүн негиз түзүлөт. Мындайча айтканда, жалпы элге түшүнүктүү лексиканы пайда кылып, илимий (теориялык) терминдердин базасын кеңейишине өбөлгө түзөт (Волыгина, 1961, 27; Галкина- Федорук, 1962;Шерба, 1945,182;).

Иште кыскача болсо да, терминология маселесинин теориялык негизин түзгөн белгилүү орус жана түрколог окумуштууларынын жоболоруна жана алардагы кайчы пикирлерге токтолмокчубуз (Виноградов, 1947; 1951; Винокур, 1939;Лотте, 1941; 1931; 1948; 1961; Реформатский, 1960; 1961; Булаховский, 1953; Будагов, 1958; Бас- каков, 1959; 1961;). Маселен, проф. Г.О. Винокур терминди өзгөчө сөздөр эмес, алар өзгөчө функциядагы гана сөздөр катары, анын мүнөздүү өзгөчөлүгүн толук чагылдыра алган эмес.

Ал эми В.Виноградов болсо, сөз баарынан мурда, полинативдүү жана дифинитивдүү функцияны аткарарына басым жасайт. Башкача айтканда, ал - так белгилөөчү каражат. Ошондой учурда гана ал жөнөкөй белги, же болбосо логикалык жактан так аныктаган каражат болуп эсептелет. В.В. Виноградовдун пикирине караганда түшүнүккө ачыктык, тактык киргизүүдө логикалык маанинин өзгөчө зарыл экендигин белгилегендиги ачык байкалат.

Проф. А.А. Реформатскийдин аныктоосунда: "Термин-бир нерсенин аталышын жана түшүнүктү билдирүүчү сөздөрдүн бир мааниде болушун көздөгөн, орду өзгөчө чектелген атайын алынган сөздөр. Мындай сөздөр илимде, техникада, саясатта жана дипломатияда өзгөчө ролду ойнойт" - дейт (Реформатский, 1961). Ушул аныктаманы, биздин байкашыбызга караганда, түрколог Н.А. Баскаков да колдоого алып: "Термин - белгиленген түшүнүккө дал келген туруктуу бир маанилүүлүк, б.а., ошол терминология тармагынын ичинде башка терминдерге байланыштууболгон, өзүнүн мааниси боюнча бир маанилүү жана системалаштырылып колдонулган мүнөздөгү сөз же сөз айкашы" - деп баса белгилейт (Баскаков, 1961).

Акыркы жылдарда илимий терминологиянын теориялык жана практикалык актуалдуу маселелерин иштеп чыгуу боюнча көптөгөн монографиялык эмгектер жарык көрдү (Как работагь под терминологией, 1968; Современные проблемы терминологии в науке и технике, 1969; Лингвистические проблемы научно-технической терминологии, 1970; Проблемы языка науки и техники, 1970; Структурное и прикладное языкознание, 1965; 1986).

Кыргыз тилинде термин жана терминология маселеси өзүнүн алгачкы башатын 1926-жылы баштаган, бул жылдары Республикалык терминологиялык комиссия түзүлгөн. Кыйла сөздүктөр түзүлүп, 30-жылдары К.Тыныстанов жана Т.Байжиевдин терминологиялык сөздүгү жарык көргөн (Тыныстанов, 1934). Терминология боюнча атайы изилдөө иштери 50-жылдарда жанданып бир нече илимий эмгектер жарык көрөт (Шүкүров, 1954; 1955; 1956). Кыргыз терминологиясынын илимий негизине тиешелүү теориялык пикирлер белгилүү окумуштуу Б.М.Юнусалиевдин эмгектеринде да көңүл бурулуп, терминология маселеси атайын пландаизилденбесе да, “Кыргыз лексикологиясында” орус тилинин Улуу Октябрь социалистик революциясынын таасирине байланыштуу терминдерди өздөштүрүүнүн жана анын ыкмалары көрсөтүлүп, тил өз ара карым-катнаштын тигил, же бул тарыхый шартка ылайык өнүгүп өсүшү, же баюу жолдоруна токтолуп, кыргыз лексикасынын толукталышын шарттаган өзгөчөлүктөрүнө айрыкча көңүл бөлгөн (Юнусалиев, 1960, 234-240;). Ж.Ж. Шүкүров татаал сөздөрдүн жасалыш ыкмасына арналган макаласына татаал терминдердин жасатуу жана кабыл алынуу өзгөчөлүктөрүн илимий жактан айтканда тактап берүү милдетин коёт (Шүкүров, 1955, 59-69;). Терминдин жасалышы, алардын ички грамматикалык өзгөчөлүктөрү, тилдеги жалпы эле сөз жасоо ыкмаларынын негизинде аныктала тургандыгы, улуттук терминологиянын калыптаныш кырдаалында төл сөздөрдүн жана башка тилдерден өздөштүрүлүш ролу жөнүндө терминологиялык сөздүктөрдө, энциклопедиялык материалдарда орду менен берилиши, улуттук терминологияны илимий изилдөөнүн милдеттери, ошондой эле анын түзүлүш жана толукталуу жана калыптануу булактары, бул жагдайда орус тилинин мааниси жөнүндө кыргыз тилинде кеңири планда биринчи жолу Б.О.Орузбаеванын эмгектеринде иштелип чыккан (Орузбаева, 1964; 1968; 1963;). Бул эмгектер илимий изилдөө ишинде, сөздүк түзүүдө кеңири колдонууга ээ болду. Терминдердин жасалышы боюнча илимий грамматикаларда да кыйла маалыматтар берилген.

Кыргыз улуттуктерминологиясынын проблемаларынын кыргыз тилинде илимий изилдөө эки аспектиде - элдик терминологиялык (башкача айтканда, профессионалдык) лексиканын маселелерин жана илимий терминология маселелерин камтыйт (Дүйшөналиева, 1969; Назаралиев, 1971; Биялиев, 1972;). Биринчи тобунда - (улуттук тилде эзелтен бери чарба тармактарында мал чарбачылык, курулуш жана аңчылык) кесиптик жактан колдонулуп келген сөздөрдөгү терминдик касиеттер тил илиминде иштелип чыккан критерийлердин негизинде талданып, айрым сөздөрдүн семантикалык жана этимологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө чоң көңүл бурулат. Экинчи тобунда илимий тармактык терминология (коомдук-саясий, табигий илимдер боюнча терминдер) талданып, аталган терминология системаларын түзгөн сөздөрдүн пайда болуу булактарынын, гериндик касиеттерин, алардын лексикограмма гикалык өзгөчөлүктөрү, терминдердин окуу куралдарында жапа басма сөз бетинде колдонулушу, андагы байкалган чаржайыттыктар, тартипке келтирүүнүн чаралары, ошондой эле тиешелүү терминологиялык сөздүктөр менен башка колдонмолордун алдындагы айырмачылыктар сыяктуу маселелер талдоого алынган (Исаекова, 1971; Базаркулова, 1978; Закирова,1978;) Жогорудагы эмгектерде тиешелүү тармактардын терминологиясы боюнча бир кыйла баалуу байкоолор, сунуштар, семантикалык жана этимологиялык экскурстар берилет.

Чындыгында кыргыз тили илиминде кесипчиликке байланыштуу илимий иштер жетиштүү деңгээлде изилденгенине жогоруда күбө болдук. Ал эми тарыхый-салыштырма ыкманын негизинде тектеш тилдер менен атайын иликтөөлөр жетишсиз. Ошондуктан ушул маселелерди эске алуу менен изилдөөлөр колго алынса тигил же бул тектеш тилдердин тарыхына келечекте кошумча материал катары эсептелер эле.

***Адабияттар***

1. Баскаков Н.А. К вопросу грамматических терминах в среднеазиатских тюркских языках. -М., 1935.
2. Закирова В. Грамматические термины в киргизском языке. -Ф., 1987.
3. Орузбаева Б.О. Сөз. -Б.: Илим, 1994.
4. Юнусалиев Б.М. Заметки по истории киргизского языка // Кыргыз тилинин грамматикалык очерктери. -Ф., 1965.